# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 25-январы № 11*

## Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаменти жөнүндө

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*

Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмүн оптималдаштыруу максатында, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.М.Исаковдун Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаменти жөнүндө" токтомунун долбооруна карата 2022-жылдын 21-январындагы № МИ07-10/70 маалым катын эске алып, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92 жана 93-статьяларына, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43 жана 44-беренелерине ылайык,

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. "Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгы" мекемеси ага "Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт башкармалыгы" мекемесин бириктирүү жолу менен кайра түзүлсүн жана "Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаменти" мекемеси деп кайрадан аталсын.

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаменти жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаментинин башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаментинин түзүмү 3-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаментинин штаттык саны 4-тиркемеге ылайык.

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*

3. Бишкек шаарынын мэриясынын 2017-жылдын 16-июнундагы № 50 "Алга-Бишкек" Футболдук клубу" муниципалдык мекемеси жөнүндө" токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пунктта "Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт башкармалыгы" деген сөздөр "Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаменти" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2017-жылдын 16-июнундагы № 50 "Алга-Бишкек" Футболдук клубу" муниципалдык мекемеси жөнүндө" токтомунун экинчи абзацы күчүн жоготту деп табылсын;

- жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемеси күчүн жоготту деп табылсын.

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*

4. Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департамент белгиленген тартипте:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн кайра түзүлгөн мекемелердин өткөрүп берүү актыларын Бишкек шаарынын мэриясынын бекитүүсүнө киргизсин;

- юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өтсүн;

- ушул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды кабыл алсын.

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*

5. Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын адам ресурстарын башкаруу боюнча бөлүмү, Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгы жана Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт башкармалыгы ушул токтомдон келип чыккан, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдары тарабынан каралган зарыл чараларды кабыл алсын.

6. Ушул токтом менен айда көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү үчүн берилген документтердеги маалыматтар анык жана мыйзам менен белгиленген учурда юридикалык жактарды кайра каттоо маселеси тийиштүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

7. Төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Бишкек шаарынын мэриясынын 2015-жылдын 12-июнундагы № 94 "Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгы" мекемеси жөнүндө" токтому;

2) Бишкек шаарынын мэриясынын 2016-жылдын 10-майындагы № 64 "Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгы" муниципалдык мекемесинин жобосун бекитүү жөнүндө" токтому;

3) Бишкек шаарынын мэриясынын 2016-жылдын 26-февралындагы № 30 "Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт башкармалыгы" мекемесинин жобосун бекитүү жөнүндө" токтому;

4) Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 4-февралындагы № 29 "Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун 3-пунктчасы.

8. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын социалдык маселелер боюнча вице-мэрине жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисине жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 25-январындагы
№ 11 токтомуна
2-тиркеме

# Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаментинин башкаруу СХЕМАСЫ

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*




**Вице-мэр** **В.Мозгачева**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 25-январындагы
№ 11 токтомуна
3-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаментинин ТҮЗҮМҮ

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*



**Вице-мэр** **В.Мозгачева**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 25-январындагы
№ 11 токтомуна
4-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө боюнча департаментинин ШТАТТЫК САНЫ

*(Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 1-мартындагы № 29 токтомунун редакциясына ылайык)*

| № | Кызмат ордунун аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| **1. Жетекчилик** | | |
| 1 | Директор | 1 |
| 2 | Директордун орун басары | 2 |
| | **Жыйынтыгы:** | **3** |
| **2. Шаардык иш-чараларды уюштуруу жана туризм боюнча бөлүм** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 2 |
| | **Жыйынтыгы:** | **8** |
| **3. Маданияттын түзүмдүк бөлүмдөрү менен иштөө боюнча бөлүм** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **4** |
| **4. Окуу-спорттук, дене тарбия-массалык иш-чаралар жана жаштар менен иштөө боюнча бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **7** |
| **5. Кадр жана уюштуруу иштери бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 2 |
| | **Жыйынтыгы:** | **7** |

| | | |
|---|---|---|
| | **6. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | |
| 1 | Бухгалтер | 1 |
| 2 | Катчы-референт | 1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **2** |
| | **7. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | |
| 1 | Кызматтык автомобилдин айдоочусу | 2 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 1 |
| 3 | Короо тазалоочу | 1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **4** |
| | **Бардыгы** | **35** |

**Вице-мэр** **В.Мозгачева**